# ХАКАТОН

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН 100 ЖЫЛДЫК МААРАКЕСИНЕ АРНАЛГАН**

## «ЖАҢЫРГАН АКЫЛ 2025» АТТУУ II-РЕСПУБЛИКАЛЫК ХАКАТОН

**Кыргыз Республикасынын ЖОЖ(ВУЗ) жана колледж студенттерине**

## МААЛЫМАТ КАТ

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту 2025-жылдын 24-25- май күндөрү студенттер жана 30 жашка чейинки кесипкөйлөр үчүн «ЖАҢЫРГАН АКЫЛ 2025» II республикалык хакатон өткөрөт. Бул II республикалык Хакатон – Жасалма интеллект тармагындагы актуалдуу көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган студенттер жана адистер үчүн билим берүүдөгү, долбоордук жана коммуникациялык форуму болуп саналат.

**Хакатондун максаты** - Хакатондун багыттары боюнча келечкектүү долбоордук чечимдерди иштеп чыккан, кесипкөй өнүгүп жаткан командаларды аныктоо. Хакатонго катышуу үчүн Google Gemini, Deepseek, Anthropic, OpenAI APIлери колдонулган долбоорлор кабыл алынат.

**Хакатонду өткөрүү тартиби:**

1. Билим берүү;
2. Саламаттыкты сактоо;
3. Финансы;
4. Социалдык долбоорлор;
5. Юриспруденция;

Командалык катышуучулар жогоруда белгиленген багыттар-дын бири боюнча иштеп чыгышкан долбоорун калыстар тобуна көрсөтүшөт. Долбоор кыргыз тилинде иштеп чыгарылышы керек.

Катышуучулар орус же чет тилдеринде даяр/бүткөн долбоорлорду көрсөтүүгө болбойт, талапка туура келбейт.

Долбоор менен тааныштыруу - 8 мүнөттөн ашык эмес.
Долбоорду талкуулоо жана суроолорго жооп берүү - 5 мүнөттөн ашык эмес.

**Өткөрүү күнү: 2025-жылдын 24-25-май.**

**Сыйлык фонду 100 000 сом:**

- Биринчи орун – 40 000 сом
- Экинчи орун – 30 000 сом
- Үчүнчү орун – 20 000 сом
- Төртүнчү орун – 10 000 сом жана кызыктыруучу сыйлыктар.

**Өткөрүлө турган орду:** Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү 547, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, №1 башкы имарат, 2-кабат Чоң жыйындар залы.

**knu.kg, iktii.knu.kg**

# ХАКАТОН

### Хакатонду уюштуруучулар жана демөөрчүлөр

Хакатонду уюштуруучулар Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту, **ULUT SOFT** компаниясы.

**Катышуучуларды каттоо** электрондук формадагы өтүнмөнү (мындан ары- өтүнмө) толтуруу жолу менен 23.05.2025 чейин жүргүзүлөт. https://hackathon-knu-91.lovable.app/

### Катышуу шарттары:

Хакатонго жеке тараптар жана командалар катыша алат. Катышуучулар-дын саны - бир команданын курамы үч кишиден ашпоого тийиш. Бир билим берүү мекемесинен катыша турган командаларга чектөө жок. Хакатон аянтчасына өзү келип катышат, же онлайн форматта катышууга болот.

Хакатонго катышуу студенттер жана кесипкөйлөр үчүн акысыз. Транспорттук жана тамак-ашка байланыштуу чыгымдар катышуучулар же аларды жөнөткөн тарап мойнуна алат. Хакатондун катышуучусу болуп, хакатонго катышууга өтүнмөнү катасыз толтурган талапкер эсептелет. Хакатондун ар бир катышуучусунун негизги милдети хакатондун 5 багытынын бирине ылайык долбоор иштеп чыгуу. Иштелип чыккан долбоордук чечим төмөндө көрсөтүлгөн жаңылык, оригиналдуулук жана критерий талаптарына жооп бериши керек.

### Баа берүү критерийлери:

Калыстар төмөндөгү критерийлердин жыйындысында 10 баллдык шкала боюнча долбоордук чечимдерди баалашат:

0) Долбоор катасыз жана үзгүлтүксүз иштеши керек.
1) долбоордун идеясынын хакатондун 5 багытынын бирине ылайык келиши;
2) долбоордук чечимдин оригиналдуулугу жана инновациялуулугу;
3) техникалык чечимдин иштелип чыккандыгы;
4) сунуш кылынган долбоордук чечимдин экономикалык натыйжалуулугу;
5) презентация болгон жана тааныштырылган материалдын даярдалыш сапаты;
6) долбоордук чечимдин кубаттуулугу. Жыйынтык чыгаруу.

### Жыйынтык чыгаруу.

- Хакатондун жыйынтыгын Уюштуруу комитети чыгарып, протокол жазылат.
- Хакатодун бардык катышуучуларына сертификат тапшырылат.
- Жеңүүчүлөр баалуу сыйлыктар менен сыйланат.